**Кайдасың сен**

Эмне мынча сүйөм сени,
Эмне мынча сагынам?
Сенде калган жүрөк теңи
Жаңы жылдын таңынан.

Издей берем тааныш үйдөн,
Издей берем көчөдөн.
Карааныңды жоготтуң го,
Түшүмдө гүл төшөгөн.

Кайырма
Кайдасың сен, таба аламбы?
Билесиңби тилекти?
Адаштырдың, бара аламбы?
Уйку көрбөй түн өттү.

Гүл оронуп жаткан элек
Майрам айдын таңында.
Жыпар жыттап шашкан элек,
Барсакбы деп айылга.

Жүрөк сүйүү — таза чындык,
Өз жаныңдан чыкпаган.
Кучагымда денем ысып,
Чачтарыңдан сылагам.